**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**АК-СУУ РАЙОНУ**

**ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**

**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА ХАН-ТЕНИРИ**

Хан-Тенири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1-чакырылышынын кезексиз 16-сессиясы

# Т О К Т О М

**19.03.2026-ж.** **№ 12** **Ново-Вознесеновка айылы**

**Хан-Тенири айыл аймагындагы айылдардагы социалдык объектилерге жана муниципалдык жер тилкелерине тийиштүү документтерди жана мамлекеттик актыларды алуу жөнүндө**

Хан-Теңири айыл аймагындагы айылдардагы кээ бир социалдык объектилердин жана муниципалдык жерлердин тиешелүү документтери жоктугуна байланыштуу мамлекеттик акт алынбай келет. Документтердин жоктугу көпчүлүк учурда ремонт иштерин жүргүзүүдө, кээ бир имараттарды калыбына келтирүүдө, парктарды, сейил бактарды курчоо сыяктуу иштер жүргүзүлбөй инвестиция тартылбай келет. Ошондой эле муниципалдык жерлерди ижарага берүүдө да өз кедергисин тийгизүүдө. Ошондуктан тиешелүү документтерди жасатып жана мамлекеттик акт алууга айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановдун кайрылуусун угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү мыйзамынын 27-беренесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 21,28-беренелерине ылайык Хан-Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кенеши токтом кылат :

1. Хан-Тенири айыл аймагындагы айылдардагы төмөндөгү муниципалдык объектилерине жана муниципалдык менчиктеги жер тилкелерине тиешелүү документтер жасатылып мамлекеттик акт алынсын:
   - Ак-Булуң айылындагы К.Бакашев атындагы сейил багы, аянты -5 га;
   - Ак-Булуң айылындагы Ы.Туманов атындагы музейи , аянты -0.15 га;
   - Ак-Булуң айылындагы резервуар (таза суу) -3 га ;
   - Ак-Булак айылындагы Бакей-Ата көчөсүнүн 713 контурундагы муниципалдык жер- 0.12 га”
   - Ак-Чий айылы сейил бак – 2,33 га;
   - Ичке-Жергез айылындагы К.Сейлибаев атындагы сейил багы 0.45 га;
   - Ичке-Жергез айылындагы чон-короо ( пилорама ) аянты -0.72 га;
   - Ичке-Жергез айылындагы резервуар (таза суу) 0.20 га;
   - Ичке-Жергез айылы (Суу тегирмен) 0.25 га”;
   - Ичке-Жергез айылы кичи футболдук аянтча -
   - Токтогул айылындагы Урмат көчөсү (Тегирмен) 0.10 га;
   - Токтогул айылы Жаналиев көчөсү 34а (Клубтун асты) 0.10 га;
   - Токтогул айылы Т.Ормокой көчөсү соц обьект 1.90 га;
   - Боз-Учук айылындагы эски мектептин орду – 2 га;
   - Боз-Учук айылындагы парк жана кичи футболдук аянтча -0,70 га;
   - Жыргалан айылындагы балдар аянтчасы - ;
   - Качыбек айылындагы парк -2.80 га;
   - Качыбек айылы кырман – 544 контур -0,70 га;

Советское айылындагы сейил багы 0.80 га

2. Социалдык объектилерге жана муниципалдык жер тилкелерине тиешелүү документтерди жапна мамлекеттик актыларды алууга байланышкан иштерди жүргүзүү Хан-Тенири айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго милдеттендирилсин.

3. Токтом ММКга жарыялансын жана басылып чыккан күнү юстиция органына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы мыйзамдуулук, депутаттык этика боюнча туруктуу комиссияга, жер, айыл чарбасы, жайыт, курулуш, архитектура жана экология боюнча туруктуу комиссияга, бюджет, финансы жана экономика, муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссияга жана токтомду аткарууга алуу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Узаков**